**№2 С.Ногоева атындагы орто мектебинин өспүрүм балдардын арасында ар кандай укук бузуулардын, кылмыштуулуктун, суициддин, зордук-зомбулуктун алдын алуу, эрте никеге туруусуна жол бербөө, жугуштуу оорулардын ВИЧ-СПИД илдетинин алдын алуу мыйзамдуулуктарын жеткирүү боюнча уюштурулган жалпы ата-энелер жыйналышынын токтому**

**Өтүү жайы:** №2 С.Ногоева атындагы орто мектебинин имараты
**Дареги:** Ноокен району, Масы айыл өкмөтү, К.Султанов көчөсү
**Өтүү убактысы:** **18**.02.2020-ж саат 14.00

**Чакырылган коноктор:**
1.Ноокен райондук билим берүү бөлүмүнүн кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г.С.Борбиева
2.Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары А.Мусаев
3. Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн ИДН кызматкери Д.Дилдебаева
4. Масы айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Т.Эшенкулов
5.Ноокен райондук прократура бөлүмүнүн кызматкери М.К.Досалиев
6.№2 С.Ногоева атындагы орто мектебинин ата-энелер комитети А.Давытова
7.Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымдары У.Тиленбаева, Н.Бекжанова

**Каралуучу маселелер:**

1. №2 С.Ногоева атындагы орто мектебинде тарбияланып жаткан окуучулар боюнча статистикалык маалыматтар, анын ичинде мыйзам менен чатагы бар, б.а. каттоого алынган окуучулар менен алып барылып жаткан иштер жөнүндө маалымат.
2. Жаш өспүрүмдөрдүн катышуусу менен болгон кылмыштар жана алардын мыйзам алдында жоопкерчиликтери,.Кылмыштарды болтурбоо жана алдын алуу максатында аткарылып жаткан иштер жөнүндө.
3. Жаш өспүрүмдү тарбиялоодо мугалимдин, коомдун ролу,орду жана жоопкерчилтери жөнүндө
4. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, укук бузууларды болтурбоо жана алардын алдын алуу боюнча ата-энелердин иш аракеттери, жоопкерчиликтери жөнүндө.

2020-жылдын 19-февралы №2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде жалпы окуучулардын ата-энелеринин жыйналышы болуп өттү. Иш чаранын башында мектеп директору М.М.Калмаматова сөзгө чыгып, ата-энелер жыйналышынын программасы жана келген коноктор менен катышуучуларды тааныштырды. Кезекте атайын даярдалган социалдык роликтер көрсөтүү менен коштолуп, аларга коментаррий берүү образы менен улантылды. Социалдык роликтердин багыттары тууралуу айтып берилди. Бир канча окуучулардын коштоосунда театрдык көрүнүш коюлду.

№2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары атайын доклад менен сөзгө чыкты. Өз сөзүндө мектептин жалпы маалыматтарын, окуучулардын социалдык абалы, Мектеп Парламенти менен иштешүү, ЖЖӨИнын инспекторлору менен кызматташуу жана ар кандай жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча иш алып баруууларды айтып өттү. Ошондой эле **М.А.Абдисаматова** жасалган иштер тууралуу кыскача баяндама жасады. Кайрылуунун алкагында ата-энелерди баланын тарбиясына өзгөчө көнүл буруусун өтүнүп кетти.

Кийинки сөз ЖЖӨИнын аймактык **инспекторуДилдебаева Дарыяга** берилди. Ал өз сөзүн окуучулар арасында кечки маалда көчөлөрдө өз алдынча жүрүү фактылары катталып жаткандыгы, аймактарга бөлүнүп өз ара мушташуулар кээде кездешип жаткандыгын белгилеп өттү. Ошондой эле аймактык инспектор ата-энелерге кайрылып, окуучулардын тарбиясына кайдыгер мамиле жасабай, үйдөн тарбия берүү керектигин баса белгилеп өттү. Ошондой эле

кошумча суроолорго **ата эне** чыгып мектеп аймагынын жанындагы автожолдо өтө кооптуу учур болуп жатканын айтып, жолго атайын жол чырак коюп берүү мүмкүнчүлүгүн суранды. Бул маселе тиешелүү органдар аркылуу чечилээрин айтып, жооп кайтарылды. Дагы бир **ата-эне** балдардын атайын кара тизмеге киргизилген окуучулардын ата-энелерин атын атоону жана эл алдында кепке кирбегендерди уяткаруу керек экенин сурады**.** Ал эми ата-энелердин бири айылдык жетекчилерге кайрылып, коопсуздукту камсыздоо үчүн жол боюндагы люктардын беттери ачыктарын жаап коюуну суранды. Жетекчилик бул маселе каралып жатаканын белгилеп, жооп кайтарды.

Мектеп директору кийинки кеп кезегин райондук прокуратура өкүлү – **Досалиев Мунарбек Курманбековичке** берди. Прокуратуранын өкүлү Кыргыз Республикасынын Башкы Прокуратурасынын атайын жаштарга жасаган өзгөчо мамилесин айтып, КРнын Конституциясынын балдарды коргоо боюнча атайын укуктук нормалары менен тааныштырды. Кооопсуз абалды нормалдаштыруу боюнча да сөз айтып, КРнын аймагында жаш балдардын эмгегин колдонууга толук тыюу салынганын айтты. Ошондой эле райондогу кылмышкерликтин статистикасына кайрылып, жаштардын кылмыштары өсүп жатканынын айтты. Мыйзамдын чегинде окуучуларды жана ата-энелердин жоопкерчиликтери бирдей эместигин айтып, ата-энелер көп учурда жаза тартып калаарын айтып, эскертти. Ошондой эле кайрылуусунда 9-класска чейинки билим берүү милдетүү экенин эскерте, бул үчүн тиешелүү шарттарды түзүп берүүгө ата-эне милдеттүүлүгү кошумчаланды. Никени эрте куруу боюнча да маселе бар экенин айтып, бул КРнын мыйзамына толугу менен жат көрүнүш экенин баса белгиледи. Соз соңунда мектеп окуучуларынан акча каражатын мектеп аймагында жана мектеп органдары тарбынан ишке ашыруу толугу менен тыюу салынганын айтты. Бул ишке катыштыгы бар мугалимдер мыйзам чегинде жоопкерчилик тартаарын айтып өттү. Мындай көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн мектеп директорун чакыра кетти.

Жалпы ата-энелерге чоң ыраазычылык билдирүү менен сөзүн аяктады.

Мектеп директору атайын мектеп жетишкендиктерин дагы бир жолу белгилей, соз кезегин Масы айыл-өкмөтүнүн башчысы — **Жаныбек Турдуматович Эшенкуловко** берди.

Айыл өкмөтүн жетекчииси сөз башынан аймактагы билим берүү мекемелеринин жагдайлары тууралуу маалымат берүүдөн баштады. Атайын комиссия бул тармакка жергиликтүү бюджеттен атайын каржы алууга жетишилгенин белгиледи. Ошондой эле ата-энелерге жана мугалимдерге кошумча ыраазычылык билдирди. Ата-энлердин бири окуучулар басканда айрым көчөлөрдө транспорттор кооптуу кырдаал жаралганын айтты. Ал эми жетекчи бул чыныдыгында маанилүү маселе экенин айтып, Республикалык бюджеттен тиешелүү каражат кароо маселесин көтөргөнүн жооп берди.

Кийинки соз кезеги мектептин ата энелер комитетинин мүчөсү Давытова Асылкан эжекеге берилди.

Ата энелер комитетинин мүчөсү балдарды тарбиялоодо ЖЖӨИнын инспекторлорунун кызматы маанилиүү экенин белгиледи. Ал ар бир ата-эне өзүнүн баласынын келечеги үчүн жооптуу экенин баса белгилеп, күндө баланын жүргөн жерин аныктап көзөмөл жүргүзүү керектигин билдирди. Бардык ата-энелерден баланын тарбиясына кош көңүл мамиле жасабай, мектепке, ИДН кызматкерлерине жардам катарында өз салымдарын кошуу керектигин суранып өттү.

Мектеп директору атайын мектеп жетишкендиктерин дагы бир жолу белгилей, соз кезегин Ноокен райБББнын кадрлар бөлүмүнүн башчысы Борбиева Гульмира Солтоналиевнага берди.

Ноокен райББнын өкүлү мектептердин окуучуларынын тарбиясын жакшыртуу үчүн мугалимдин гана берген билими аз экенинин, бул иште ата-энелердин милдеттери аябай чоң экенин айтып, ата-энелерди мындай иштерде өз убактыларын аябоого чакырды. Ошондой эле үстүбүздөгү жылда район аймагында оз өмүрүнө кол салган өспүрүмдөр жок болгону бул жалпы аракеттердин жыйынтыгы экенин айтты. Бул жыйынтык кубантаарын, бирок, көзөмөлдү бошоңдотпоо керектигин кошумчалады. Каржыны мектеп аймагында топтоо толугу менен мыйзамга жат көрүнүш экенинине кошула тургандыгын айтып, мындайга жол берүүгө мүмкүн эмес экенин эскертти. Ноокен райБББнун атайын адистери бул багытта маанилүү жумуш аткараарын, аларга, кайрылуудан уялбоо керектигин белигиледи. Сөз соңунда жыйын катышучуларына терең ыраазчылык билдирүү менен баарын бирдиктүү тарбияда болууга чакырды.

Мектеп директору соз кезегин Ноокен райондук ҮМДБнун өкүлдөрүнө берди.

Мед кызматкерлер жаңы таралып жаткан коронавирус тууралуу кененирээк айтып, бул ооруну дарылоочу каражат азырынча жоктугу үчүн коомдук гигиенаны каттуу сактоо керектигин белгилешти.

Мектеп директору жалпы ата-энелерге жана келген конокторго ыраазычылык билдирүү менен иш чараны жабык деп жарыялады.

**Ата-энелер жыйналышы токтом кылат:**

1. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, укук бузууларды болтурбоо жана алардын алдын алуу максатында ата-энелердин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.
2. Жаш өспүрүмдөрдүн катышуусу менен болгон кылмыштар жана алардын мыйзам алдында жоопкерчиликтери боюнча ата-энелер жана мугалимдер тарабынан түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
3. Балдардын ден соолугунун бекем болуусу үчүн жугуштуу оорулардын алдын алуу максатта ата-энелер жана мектеп тарабынан ыйгайлуу шаттар түзүлсүн.
4. Жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо ата-энелер жана коомчулук менен бирге иш алып баруу мугалимдерге милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектеп директору М.М.Калмаматовага милдеттендирилсин.

Мектеп директору: М.М.Калмаматова
Катчы: А.Эшенкулова

## Класстык чогулуштун чечимдери
## Решение собрания класса

Күнү/ число/ 25. 10. 2022 г.

Темасы/ тема/ Беседа о поведении и успеваемости

Максаты/ цель/ 1. Беседа о поведении и успеваемости уч-ся уч-ся
2. Форма, телефоны, опоздания и пропуски обсуждение правила д.д., приход и уход из школы и беседа о школьном фонде.

### Чогулуштун жүрүшү/ Ход собрания

1. Присутствовали 26 родителей
2 Приглашены: директор школы и преподаватели биологии, химии, русс-го языка и алгебры. Они высказали свои мнения о поведении учеников.
3 Выступил родительский комитет класса Баева Гульзат посовещавшись на собрании комитетов по поводу школьного фонда. Все родители были согласны с данным решением.

Решение: Информацию принять к сведению и исполнению. Осущ-ть сотрудничество преподавателей и родителей в деле обучения воспитания разв. детей. Строго соблюдать правила поведения уч-ся в школе, на занятиях. Исключить мобильные телеф. Принять меры предост-ти ПДД, пож. безопасности.

### Токтом кылынды:
### Постановили:

кл. рук. Молонбаев Г.А. [signature]

## Класстык чогулуштун чечимдери
## Решение собрания класса

Күнү/ число/ 27.01.2023 г

Темасы/ тема/ Поведение уч-в и успеваемость.

Максаты/ цель/ 1. Предотвратить негативные последствия кл.

2. Беседа о поведении, опоздания, проверка введение дневников, уход за кабинетом, форма ПДД, тесная взаимосвязь с родителями.

### Чогулуштун жүрүшү/ Ход собрания

1 На 27.01.2023 г на собрании родительском участвовали 24 родителей, предметники по биологии, по химии и по алгебре, со своими замечаниями и предложения. Предложили со стороны учителей приобрести учебник по биологии и русскому языку. Переизбрание род. комитета. Баева Гулзат мама Кенжибековой К передала полномочия маме Азаматовой Э. Беседовали с род-ми о гл. проблеме моб. телефонах детей о вреде и пользе. Было предложено отобрать телефоны со стороны родителей. Пересадили детей по разным местам и поговорили о ведении дневников.

Решение: Инфо-ю принять к сведению и исполнению. Осущ-ть сотруд-во преподавателей и родителей в деле обучения воспитания разв детей. Строго соблюдать правила пов-я уч-ся в шк. На занятиях отключить телефоны. Принять меры пред-сти ПДД, пожарной безоп-ти, проблемы для

### Токтом кылынды:
### Постановили:

Все вышеперечисленные постановления в итоге род-го собрания

Кл. рук. Маматбаева Г. К.

## Класстык чогулуштун чечимдери
## Решение собрания класса

Күнү/число/ 14.10.22.

Темасы/тема/ Класстын билим сапатын жогорулатуу.

Максаты/Цель/ 1. Окуучулардын билим сапатына

2. Төмөндөп кетүүнүн себебин аныктоо жана жогорулатуу үчүн окуучулар мн биргеликте аракеттенүү.

### Чогулуштун жүрүшү / Ход собрания

Окуучулар мн саламдашып балдардын төмөндөп кеткен окуучулар мн сүйлөшүлүп, кийинки чейрек учурунда чейин баалары предметтик мугалимдер мн сабактарына активдүү жооп берүү, отуруп калган жасалган жокуп окууга аракеттенерин айтышты, сабактарын себепсиз калтырбоо, кечигип сабак учурунда бири-бирине тоскоол болбоо, өз убагында сабактарга келүүсү, коомдук иштерге активдүү катышуусу, сабактан кийин үйлөрүнө туура барууусу эскертилди.

Ар бир окуучу жеке пикирлерин айтышты, ар бири өз билимин жогорулатуусу, окуусу боюнча өз сөздөрүн берилип отурушту.

Окуучулардын сабакка болгон көңүлдөрүнө төмөндөп кетүү себеби үйдөгү комуничия турмуштары, жана телефон, интернет. болуп жатканын окуучулар өздөрү айтышты, кийинки бааларын өз жоопуна коюшарын айтышты.

**Токтом кылынды:**
**Постановили:**

1. Ар бир окуучу сабактардан жакшы окуусу. Ар бир балага жеткиликтүү
2. Предметтик сабактарга дептер, китеп мн келүүсү. Ар бир балага жеткиликтүү баарын көзөмөлдөө жогорку кл. жеткиликтүү

**№2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде окуучулардын арасында укук бузуулардын, кылмыштуулук, зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында "Тарбия берүү-улуу иш, ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет" деген темада өткөрүлгөн ата энелер чогулушунун**

# П Р О Т О К О Л У

Өткөрүлүчү убагы: 22.02.2022

Өткөрүлүүчү жай: №2 С.Ногоева а.ж.б.б.о.м. спорт зал.

Уюштурууучу: Таштемирова Г.К

Катышты: 430

**Келген коноктор (ички президиумга)**

1 Ноокен районунун прокурору: Джумабеков Замирбек Артисбекович.

2 Ноокен райондук ББНнөн: Каримова Анарбү.

3 Ноокен райондук дин муфтиятынан: Шаиков Тынчтыкбек.

4 Ноокен районунун ЖӨИИнын кызматкери: Мухидин уу Алтынбек

5 Ноокен райондук ҮДТнун медайымы: Мамасалиева Малахат

6 Масы айыл өкмөтүнүн соц адиси: Амракулова Санабар

7 Масы айылынын аялдар кеңешинин төрайымы: Райимкулова Бүрайма.

8 Мектептин Ата-энелер комитетинин төрайымы:Бегматова Гулзина.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:**

1. Мектеп жөнүндө кыскача слайд. мектептин директору Калмаматова М.М
2. "Мугалим (устаз)" деген темада кыргыз тили мугалими Алакулова Турдукан эжекенин жетекчилиги менен 10-класстын окуучулары тарабынан даярдалган ролик, көрүнүш коюлат.
3. Ноокен районунун прокурору Жумабеков Замирбек Артисбекович менен " Окуучулардын укуктары жана милдеттери" боюнча талкуу.
4. Ноокен райББНүн адиси Каримова Анарбү

5 ЖӨИИнын кызматкери Мухидин уулу Алтынбек "Кылмыштуулуктун арты жаза" темасында түшүнүк берди
6 Дин муфтиятынын өкүлү Шаиков Тынчтыкбек ажы "Адептүүлүк адам көркү" деген темада насааты.
7 "Ата эне менен мектептин байланышы" ата-энелер комитети Бегматова Гулзина
8 "Кыз адеби-кымбат" Райондук аялдар кеңешинин төрайымы Раимкулова Бүрайма
9 **Угулду:** Мектептин директору Калмаматова Махбуба Маматалиевна сөз сүйлөдү.

Ал өз сөзүндө төмөнкүлөрдү айтты. Окуучулардын арасында укук бузуулардын, кылмыштуулуктун, зордук – зомбулуктун алдын алуу максатында бугун мектепте "Тарбия берүү-улуу иш, ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет" темада ата энелер чогулушу өкөрүлүп жатат. Бүгүнкү күндө өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, тартип бузуучулукту сыналгыдан көрүп, үналгыдан угуп эле жүрөбүз. Кылмыштуулук ар кандай себептерден келип чыгат. Ошондуктан бүгүнкү чогулуштун коноктору, ата-энелер бул көйгөйдү чогуу чечип, чогуу жеңсек.

**Угулду:** Ноокен районунун прокурору Жумабеков Замирбек Артистбекович сөз сүйлөдү. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасында эгерде кылмыштуулук катталса, ага мыйзам чегинде кандай чара көрүлөт, ошол боюнча окуучуларга кеңири маалымат берди.

**Угулду:** ЖОИИнын кызматкери Мухидин уулу Алтынбек " Кылмыштын арты өкүнүч" деген темада ата энелерге түшүнүк берди.

**Угулду:** Жарыш сөзгө дин муфтиятынын өкүлү Шаиков Тынчтыкбек ажы сөз сүйлөдү. Ага кошумчалап Ноокен райБББнүн адиси Каримова Анарбү жана масы аялдар кеңешинин төрайымы Райимкулова Бүрайма, ата-энелер комитетинин төрайымы Бегматова Гулзина, масы айыл өкмөтүнүн соц адиси Амракулова Санабар сөзгө чыгып, бүгүнкү темага байланыштуу маалыматтарды берди. Ата энелер тарабынан берилген суроолорго жоопторун беришти.

**Жогорудагыларды маселелерди угуп жана талкуулап, чогулуш**
**Т О К Т О М   К Ы Л А Т**

1. Бүгүнкү "Тарбия берүү- улуу иш, ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет" темасында өткөрүлгөн ата энелер чогулушу канааттандыраарлык деп баалансын.
2. Ар бир класс жетекчиге жаш өзгөчөлүгүнө карай кылмыштуулук жана зордук зомбулук боюнча тарбиялык сааттарды өтүү жагы милдеттендирилсин.
3. Окуучулардын мектепке мектеп формасы менен келүүсү, уюлдук телефон алып келбөөсүн, сабактан себепсиз калбоосун, кечикпөөсүн көзөмөлдөө жагы ата энелерге милдеттендирилсин.
4. Мектептен сырткаркы учурда ар бир баланын коопсуздугуна ата эне жоопкерчиликти өз мойнуна алсын.
5. Эгерде кимдир бирөөдөн зордук зомбулук көрсө, дароо класс жетекчиге же болбосо мектептин уюштуруучусуна, соц.педагокко билдирүү жагы окуучуларга эскертилсин.
6. Ар бир окуучунун кулк мүнөзүнө, үй бүлөлүк шартына анализ жүргүзүү жагы 1-11-класстын класс жетекчилерине, мектептин соц педагогу Чомоева Канзадага жана соц адиске милдеттендирилсин.
7. Окуучулардын топтолуп кафелерде жана үйлөрдө уюштурулган отуруштарга тыюу салынсын, аларды көзөмөлдөө жагы ата энелерге жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
8. 1-11-класстардын антисептик, маска, нымдуу кол арчуучу менен камсыздап берүү жагы ата энелерге милдеттендирилсин.
9. Класстардын ата энелер комитеттери менен иш жүргүзүү жагы мектептин ата энелер комитетинин төрайымы Бегматова Гулзинага милдеттендирилсин.
10. Мектепте зордук зомбулукка, кылмыштуулукка каршы багытталган иш чараларды өткөрүү жагы уюштуруучуга, соц педагокко жана ИДН кызматкерлерине милдеттендирилсин.
11. Жогорудагы токтомдордун аткарылышын көзөмөлдөө мектептин уюштуруучусу Таштемирова Гулбарчынга милдеттендирилсин.

Мектептин директору: М.М.Калмаматова